УДК:37.013
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-103-107

**АРКАБАЕВА А.С.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**АРКАБАЕВА А.С.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**ARKABAEVA A. S.**
KNU Jusup Balasagyn

# КЫРГЫЗ ЭЛ МУГАЛИМИ, РЕФОРМАТОР, КООМДУК ИШМЕР: МУКАШ БАЗАРКУЛОВДУН БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНДАГЫ ОРДУ

# КЫРГЫЗСКИЙ НАРОДНЫЙ УЧИТЕЛЬ, РЕФОРМАТОР, ОБЩЕСТВЕННЫЙ ДЕЯТЕЛЬ: РОЛЬ МУКАША БАЗАРКУЛОВА В СФЕРЕ ОБРАЗОВАНИЯ

# THE KYRGYZ NATIONAL TEACHER, REFORMER, PUBLIC FIGURE: THE ROLE OF MUKASH BAZARKULOV IN THE FIELD OF EDUCATION

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада Кыргыз Эл мугалими Базаркулов Мукаш Базаркуловичтин Кыргызстандын билим берүү тармагындагы орду жана кошкон салымы каралат. Ал 1935-жылы Нарын облусунда туулган. 1955-жылы Педагогикалык институтун, 1962-жылы Кыргыз мамлекеттик университетин бүтүргөн. Мукаш Базаркулов билим берүү министри болуп иштеген жылдары (1979–1991) өлкөдө 452 мектеп жана 379 бала бакча курулуп, заманбап педагогикалык ыкмалар киргизилген. Ал ошондой эле саясатта активдүү иш алып барып, Конституциялык комиссиянын мүчөсү катары Кыргыз Республикасынын биринчи Конституциясын түзүүгө катышкан. Билим берүү тармагындагы эмгеги үчүн "Даңк" медалы менен сыйланган. Мукаш Базаркулов Кыргыз Эл мугалими, реформатор жана коомдук ишмер катары терең из калтырган.

**Аннотация:** В данной статье рассматривается место и вклад Кыргызского Народного учителя Базаркулова Мукаша Базаркуловича в сферу образования Кыргызстана. Он родился в 1935 году в Нарынской области. В 1955 году окончил педагогический институт, в 1962 году Кыргызский государственный университет. За годы работы Мукаша Базаркулова на посту министра образования (1979-1991) в стране было построено 452 школ, 379 детских садов и внедрены современные педагогические методы. Он также активно занимался политикой и в качестве члена Конституционной комиссии участвовал в создании первой Конституции Кыргызской Республики. Награжден медалью "Даңк" за заслуги в области образования. Мукаш Базаркулов оставил глубокий след как Кыргызский Народный учитель, реформатор и общественный деятель.

**Abstract:** This article examines the place and contribution of The Kyrgyz National teacher Bazarkulov Mukash Bazarkulovich in the field of education in Kyrgyzstan. He was born in 1935 in Naryn region. He graduated from the Pedagogical Institute in 1955 and the Kyrgyz State University in 1962. During Mukash Bazarkulov's years as Minister of Education (1979-1991), 452 schools and 379 kindergartens were built in the country, and modern pedagogical methods were introduced. He was also actively involved in politics and, as a member of the Constitutional Commission, participated in the creation of the first Constitution of the Kyrgyz Republic. He was awarded the “Dank” Medal for services to education. Mukash Bazarkulov left a deep mark as a Kyrgyz People's Teacher, reformer and public figure.

**Негизги сөздөр:** реформа; билим берүү; инновация; мугалим; технология; квалификация; сапат; жеткиликтүүлүк.

**Ключевые слова:** реформа; образование; инновация; учитель; технология; квалификация; качество; доступность.

**Keywords:** reform; education; innovation; teacher; technology; qualification; quality; accessibility.

Мукаш Базаркулов - Кыргызстандын билим берүү тармагына зор салым кошкон көрүнүктүү педагог, мамлекеттик жана партиялык ишмер. 2021-жылы 16-июлда 86 жаш курагында дүйнө салганына карабастан, анын эмгеги жана педагогикалык мурасы бүгүнкү күндө да кыргыз билим берүү системасында бааланып келет. Анын өмүр жолу элине билим берүү жана тарбия берүү багытында иштеген чыныгы мекенчилдиктин

жана кесиптик жоопкерчиликтин үлгүсү болуп калды. Бул макалада Базаркуловдун өмүр жолунан тартып, билим берүү системасын реформалоодогу жана коомдук ишмердүүлүктөгү орду баяндалат.

Кыргыз Республикасынын Эл мугалими, реформатор жана коомдук ишмер Мукаш Базаркулов 1935-жылы Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Кара-Бүргөн аймагында, Дарбазанын асты деп аталган тоолуу айылда жарык дүйнөгө келген. Анын балалык доору тоо койнундагы таза табиятта, көчмөн маданият менен айкалышкан элеттик турмушта өткөн. Болочок мугалимдин дүйнө таанымы дал ошол ак чаптуу керме тоолорду, табияттын сырдуу кубулуштарын балалык аң-сезим менен кабылдоо аркылуу калыптанган.

Базаркулов өзүнүн эскерүүлөрүндө, бала куракта ойнолгон чүкө, мандалак сыяктуу улуттук оюндардын гана эмес, жомоктордун, элдик акыл-насааттардын таасири чоң болгонун белгилейт. Жашоонун акыйкаттыгына болгон кызыгуу, жаратылышка суктануу, элдик санжырага кызыгуу анын ой жүгүртүүсүн байытып, кийин педагог катары таалим берүүдө да бай билимин калыптандырган.

Мукаш Базаркулов чоң ата-энелери жашаган жайлоолор, ата-бабасынын тарыхы, урук-туугандары менен болгон байланышты ыйык сезим менен эскерет. Анын атасы Базаркул согуш жылдарында Ак-Талаа районундагы элдик башкаруу органдарында жооптуу кызматтарды аркалаган, "Саз" колхозунун башкармасы болгон. Бул үй-бүлөлүк чөйрөдө мамлекеттик жоопкерчилик, элге кызмат кылуу, эмгекчилдик жана тартиптүүлүк ар дайым үлгү катары берилген.

Базаркулов мындай инсандардын чөйрөсүндө жүрүп, алардан акыл-насаат угуп, өзүнө багыт алганын сыймык менен эскерет. Ал өз мезгилинин талаптарына ылайык билим алып, тарыхый, социалдык жана маданий процесстердин активдүү катышуучусу болуп жетилген.

Мукаш Базаркулов 1942-жылы Дөрбөлжүн айылындагы И.В. Сталин атындагы башталгыч мектепке кирип, 1949-жылы "Саз" жети жылдык мектебин аяктаган. Билим алууга болгон умтулуусу жогору болгон жаш мугалим жогорку класстарды райондун борборунда тааныштарынын үйүндө жүрүп окуган. Үйгө берилген тапшырмаларын аткарууда электр жарыгынын ошол кезде жоктугуна карабай, ал сабакка даярдануудан баш тарткан эмес. Кийин интернатта окуп, өз алдынча жашоо менен билимге болгон умтулуусун күчөтөт.

Келечекке болгон балалык кыялынын эргүүсү менен 1952-жылы орто мектепти артыкчылык менен аяктап, айыл чарба адиси болуу кыялы ташкындап, Фрунзедеги Айыл чарба институтунун ветеринария факультетине тапшырат. Тилекке каршы окууга өтпөй калып, кийин кайра даярданып, 1953-жылы Нарын шаарындагы эки жылдык мугалимдер институтунун кыргыз тили жана адабияты факультетине кабыл алынат.

Бул институтта билим алып жатып, ал күн-түн дебей окууга киришет. Жатакана жок болгондуктан, тааныштардын үйлөрүндө жашап, кээде түнкүсүн институттун кароолчусунун уруксаты менен класстарда сабакка даярданган учурлары болгон. Бул анын билимге, мугалимдик кесипке болгон берилгендигин жана кийинки муундардын өзүндөй болуп кыйналбашы үчүн өз жаштыгын курмандыкка чалганын айгинелейт.

Мугалимдикке жетүү жолундагы билимди өлкөнүн мыкты адистеринен алган. Алардын арасында А. Узагалиев, З. Момбаева, И. Айдаралиев, Т. Нарынбаев жана эже-сиңдилер Нина Каменецкая, Валя Каменецкаялар өңдүү тажрыйбалуу окутуучулар болгон. Алардын таасири аркылуу Базаркуловдун илимге болгон кызыгуусу жана мугалим катары калыптанышы терең негизделет.[1]

1955-жылы мугалимдер институтун артыкчылык диплому менен аяктагандан тартып айылдык мектептерде кыргыз тили жана адабияты сабагынан мугалим болуп эмгектене баштаган. Кийин райондук билим берүү бөлүмүндө инспектор болуп иштеп, 1962-жылы Тогуз-Торо районунун Кош-Дөбө айылындагы орто мектепте мугалим жана окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. Андан соң 1965-жылы Ак-Талаа районунун билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалып, мектептердеги тарбия жана билим берүү сапатын жогорулатууга чоң салым кошкон.

Мукаш Базаркулов — мамлекеттик башкаруу жана билим берүү тармагында терең из калтырган көрүнүктүү коомдук ишмер. 1968-жылы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин партиялык-уюмдаштыруу бөлүмүндө инструктор, кийин инспектор кызматтарында иштеген. 1971-1975-жылдары Талас райкомунун биринчи секретары болуп, андан соң Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты жана

Компартиянын Борбордук Комитетинин мүчөсү болуп шайланган.

1979-жылдан 1991-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Билим берүү министри кызматын аркалап, он үч жыл бою өлкөнүн билим берүү саясатын түзүүгө жана өнүктүрүүгө түздөн-түз жетекчилик кылган. Анын жетекчилиги астында мектеп окуучуларына билим берүүнүн мазмунун өркүндөтүү, жаңычыл педагогикалык ой-пикирлерди жайылтуу, мугалимдердин чыгармачыл тажрыйбасын колдоо жана билим берүү мекемелерин керектүү материалдык-техникалык базалар менен камсыз кылуу боюнча пландуу иштер жүргүзүлгөн. Мектептерди квалификациялуу кадрлар менен камсыз кылуу жана жаңыча ой жүгүрткөн мугалимдердин катмарын калыптандыруу Мукаш Базаркуловдун ишмердигинин негизги багыттары болгон.

1984-жылы СССРдеги белгилүү новатор-педагогдор И. Шаталов, В. Ильин, А. Амонашвилилердин иш-тажрыйбалары жөнүндө жазылган «Педагогикалык изденүү» аттуу китепти кыргыз тилине котортуп, аны бардык мектептерге жайылткан. Бул китеп республиканын билим берүү тармагында жаңы дем, жаңы багыт берген маанилүү иш-чаралардын бири болгон. Анын демилгеси менен ар жылы шаар жана райондордо чыгармачыл мугалимдердин слёттору өткөрүлүп, мыктылардын иш тажрыйбалары республикалык деңгээлде жайылтылып турган. 1986-жылы болсо анын жоопту редакторлугунда Москва шаарындагы СССР Педагогика илимдер академиясынын «Педагогика» басмаканасында «Антология педагогической мысли Киргизской ССР» аттуу фундаменталдуу илимий эмгек жарык көргөн.

Чыныгы педагог-жетекчи катары Мукаш Базаркулов окуу китептеринин мазмундук жана сапаттык жактан жогорку деңгээлде болушуна өзгөчө көңүл буруп, кыргыз тилдүү мектептер үчүн кыргыз тили, адабияты, чет тилдер жана музыка боюнча окуу китептерин конкурстук негизде даярдоону жолго койгон. Анын көп жылдык жетекчилик тажрыйбасы жана педагогикалык ишмердиги билим берүү тармагында гана эмес, коомдук турмушта да өзгөчө орду бар экендигин айгинелейт [2].

Мукаш Базаркуловдун министрлиги маалында республиканын жалпы билим берүү системасында олуттуу өзгөрүүлөр болду. Анын жетекчилиги астында мектептердин материалдык-техникалык базасы бекемделип, компьютерлештирүү иштери башталды. Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу багытында көп иштер жасалды. Ошондой эле мектептерде окуу китептеринин сапатын жакшыртуу, окуу процессин жаңы ыкмалар менен уюштуруу, тарбиялык ишти күчөтүү маселелерине өзгөчө маани берилди [3]**.**

Мукаш Базаркулов тарбиялоо иштеринде сабырдуулук, баланы ар тараптуу өнүктүрүү, мугалимдин тарбиялык ролу жана анын коомдогу орду тууралуу тынымсыз ойлонгон. Ал мектепте эркек жана аял мугалимдер тең болушу керектигин, мугалимдердин айлыгын көтөрүү зарылдыгын баса белгилеген.

Ошондой эле сабактардын көптүгүнөн улам балдарга кыйынчылык жаралып жатканын белгилеп, сабактарды интеграциялоо жана оптималдаштыруу сунушун берген [4].

Мукаш Базаркулов кыргыз тилин жана маданиятын өнүктүрүүгө өзгөчө маани берген. Анын көз карашында мектептерде окутуунун негизги тили катары кыргыз тилин колдонуу, окуу китептерин улуттук өзгөчөлүктөргө ылайык жаңыртуу зарыл болчу. Ал патриоттук тарбияны өлкөгө болгон сүйүү жана мекенчилдик сезим менен байланыштырган.

Билим берүү министри болуп турганда, Базаркулов Мукаш билим берүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга багытталган реформаларды жүргүзгөн. Ал жаңы педагогикалык ыкмаларды жана технологияларды киргизүүгө, ошондой эле билим берүү мекемелеринин тармагын кеңейтүүгө көмөктөшкөн. Билим берүү тармагындагы жетишкендиктери үчүн бир нече сыйлыктарга ээ болгон, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен 1994-жылы «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими», 2005-жылдын октябрь айында «Кыргыз Республикасынын Эл мугалими» деген ардактуу наам ыйгарылган. Ал эми 2000-жылы "Даңк" медалын алган [5].

Кыргыз Эл мугалими М. Базаркулов талыкпастан эмгектенип илимдин дагы бир эшигин ачып, белгилүү орус жазуучусу жана драматург М.Горькийдин “Эмгек жана илим – жер жүзүндө бул эки күчтөн жогору эч нерсе жок” – деп айткан сөзүн иш жүзүндө далилдеп гана тим болбостон билим берүү тармагындагы ийгиликтер, кыйынчылыктар жана келечектеги мүмкүнчүлүктөрдү камтып, анын ишмердүүлүгү билим берүү системасын өркүндөтүүдө чоң салым кошуп, азыркы билим берүү саясатынын түзүлүшүндө негизги элементтердин бири болуп калуусуна өбөлгө түздү.

Базаркулов М.Б. өз ишмердүүлүгүнүн билим берүү системасынын өнүгүүсүнө жана коомдук жашоодо маанилүү өзгөрүүлөргө алып келген реформалары билим берүү инфраструктурасын кеңейтүү жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча натыйжалуу иш-аракеттердин жүрүшүнө жол ачты. Мисалы, Мукаш Базаркуловдун жетекчилиги астында жаңы мектептердин жана бала бакчалардын курулушу билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө өбөлгө түздү, бул болсо алыскы жана шаардык аймактарда билим алуучулардын санынын көбөйүшүнө алып келди. Анын билим берүү системасындагы жаңычылдыктары жаңы технологияларды киргизүү, окутуунун методологиясын өзгөртүү жана мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чараларды камтыды [6]. Бул реформалар мугалимдердин профессионалдык даярдыгын жогорулатууга жана билим берүү процессинин сапатын арттырууга көмөк көрсөткөн. Мукаш Базаркуловдун жетекчилигиндеги программалар билим берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга, ошондой эле билим берүү системасындагы инновацияларды киргизүүгө багытталган.

Мукаш Базаркуловдун ишмердүүлүгү мамлекеттик саясатка да таасир этти. Ал билим берүү тармагындагы саясаттарды жаңыча баалоого, эл аралык стандарттарга ылайыкташтырууга жана билим берүү системасын реформалоого арналган демилгелерди ишке ашырууга өбөлгө түздү. Анын ишмердүүлүгү аркылуу Кыргызстандын билим берүү системасы жогорку деңгээлдеги өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болду. Дагы бир маанилүү жыйынтык — билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү жана сапаты боюнча жүргүзүлгөн реформалар Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө да таасир этти. Билим берүү системасы аркылуу коомдун өнүгүүсүнө өбөлгө түзүү, элдин билим деңгээлин жогорулатуу жана социалдык теңдикти камсыз кылуу максатында жүргүзүлгөн иштер азыркы коомдо реалдуу натыйжаларды алып келди. Мукаш Базаркуловдун ишмердүүлүгү билим берүү тармагында өнүгүүнү камсыз кылып, экономикалык жана социалдык жактан өнүгүүгө өбөлгө түздү. Билим берүү тармагында жүргүзүлгөн жаңычыл реформалар ар түрдүү кызыкдар тараптардын, анын ичинде ата-энелердин, мугалимдердин жана мамлекеттин арасында активдүү диалог түзүүгө өбөлгө болду. Мындай коомдук талкуунун алкагында билим берүү системасынын ийгиликтерин жана кемчиликтерин диалог түрүндө талкуулоо ошондой эле келечектеги пландарды иштеп чыгуу үчүн маанилүү тажырыйбалардын бири болду.

Базаркулов Мукаш Базаркуловичтин Кыргызстандын билим берүү системасына кошкон салымы окуучулардын билим алуудагы сапатын жогорулатууну, жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүнү жана билим берүү системасында инновацияларды киргизүүнү камсыз кылып, өлкөнүн келечектеги социалдык жана экономикалык өнүгүүсүнө зор таасирин тийгизген. Мукаш Базаркуловдун ысымы билим берүү тармагындагы жаңычылдык менен байланышкандыктан, анын реформалары бүгүнкү күндө дагы актуалдуу жана бүгүнкү күнгө чейин колдонулуп келүүдө.

Жыйынтыктап айтканда, талыкпаган эмгектин натыйжасында агайыбыз 86 жыл өмүр жолунда тарыхка калчу иштери менен биздин сыймыгыбыз болуп кыргыз журтчулугунун көрүнүктүү инсаны катары орун алмакчы.

**Колдонулган адабияттар**

1. Базаркулов М.Б. Өмүр чыйыры // Б.: Улуу Тоолор, 2014. 3-б.

2. Курманкулов Ш.Ж., Жороева М.К. Окуучулардын өз алдынча сабак материалын өздөштүрүүгө карата шыктандыруучу кыймылдаткыч күчтөр // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, № 2, 2021. 227-бб.

3. Каниметов Ж.К. Мукаш Базаркулов мыкты башкаруучу, новатор // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы, Атайын чыгарылышы-2015, Серия: Педагогика, 10-12-бб.

4. Базаркулов М.Б. Заманга ылайык мугалим даярдоо. // Кут билим, №40. – 2012. 5-6-бб.

5. Мукаш Базаркулов [Электрондук ресурс]. https://kutbilim.kg/ru/news/inner/mukash-bazarkulov-agartuu-aydyi-yinyin-baba-dyiykanyi-ru/ (Кирүү датасы: 5.05.2025)

6. Базаркулов М.Б. Кыргыз Республикасынын Эл мугалими “Мугалим - мамлекеттин таянычы // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 1-чыгарылышы-2013, 35-б.

**Рецензент: п.и.к., доцент Баялиева А.С.**